Мугалим: Азыркы күндөгү көрүнүштөн «Атасы менен баласы»
Элина, Элдияр: «Китепти оорутпайм»
Мугалим: Улуу адамдардын айтканынан угалычы.
Бегзат: Китеп окуган, эч нерсе окубаган адамдан алда канча жогору турат.
В.Г. Белинский
Элина: Адамдар китеп окуганды таштаса, анда алар ой ойлонуудан да калат.
Д.Дидро
Азизбек: Бул кыйымда китептен сүйүктүү дос жок. А.Навои
Алибек: Мен үчүн китеп алтын тактаган да кымбат. В.Шекспир
Дамир: Китеп адам жанына чындыктын үрөнүн себүүчү курал. Я.А.Каменский
Мадина: Билимден ашкан күч жок. М.Горький
Мугалим: Элибизде китеп, билим жөнүндө кандай макалдар айтылып жүрөт?
Камила: Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.
Эрмек: Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат.
Адина: Китеп – билим булагы, билим – өнөр чырагы.
Бекжан: Китепсиз билим жок, билимсиз өмүр жок.
Элина: Ким көп окуса, ал көптү билет.
Нурбек: Билимдүүнүн түнү - күн, билимсиздин күнү - түн.
Элдияр: Китеп – мүлк, оокат, нан, китеп окубаган адам ал – наадан.
Камила: - Билим, билимин менен баалан.
Мугалим: Табышмак айта билебизби?
Адина, Рамис, Элдияр
Мугалим: Китеп бизди эмнеге үйрөтөт жана бизге эмне берет? Окуучулардын жоопторун талкуулашат.
Мугалим: Китеп билим берет деп жатабыз, кайсы убакта окуу керек?
Азат: Мектептен келип тамактангын, бир аз эс алгын, ойногун.
Нурсулуу: Кийин чарчаганың жоголуп, эс ала түшөсүң, анан сабак окусаң болот.
Мугалим: Кайсы жерде окуу керек?
Алибек: Үйдө бир көнүп калган жериң болот. Сабакка киришкенге чейин столуңда сабакка даярдыгыңды текшерип чык. Карандаш, дептер, сызгыч, китептериң барбы? Жарык сол жаткан түшкөндөй болсун, столдун үстүндө ашык буюмдар болбосун.
Мугалим: Эмнеден баштоо керек жана кантип аяктоо керек?
Камила: Алгач сен үчүн анча деле кыйын эмес сабакты окугун, андан кийин кыйынына киришк. Сабакты жакшы түшүнө баштасаң, анда эч нерсеге алагды болбой даярдан. Сабакты жакшы түшүнбөй бара жатсаң, анда эң жеңил деп эсептеген предметти окугун.
Сабакты баарын окуп, тапшырмаңды аткарып бүткөн соң, көчөгө чыгып ойно. Кыймылдуу кызыктуу оюндардан ойногун, анда да активдүү бол.
Кайталоо – окуунун энеси. Оор материалдар болсо, аны жатканга 1 саат калганда, же кебүнчө эртең менен туруп кайталагын. Эң оор жерлерин мектепке бара жатып жолдон дагы бир жолу эсиңе түшүргөнүң оң.
Мугалим: - Окуунун ритми.
Нурсулуу: Баарынан мурда өзүң калыптанып калган сабактагы ритмди сакта. 45-50 минут иштеп, анан эс ал. Эс алуу убагында дене тарбия боюнча бир нече көнүгүү жаса. Пол жуугун, гүлдү сугар, кыскасы эс алууну 10 минутадан ашырба.
Мугалим: - Көрдүнөрбү, балдар, терең билимдин негиздери ушул эрежелерди сактаганда гана жаралат.
Мугалим: - Кана, балдар, киминер өзүңөр жазган жомок, ангеме, табышмак, макалдардан окуп коесуңар?
Адина, Калича, Камила, Тенирберди: - жомокторун окушат.
Мугалим: - Балдар, китеп, дептерге дяр мамиле жасап, Н.К.Крупскаянын «Китепти күтүп ал» деген сөзүн дайыма эсибизге тутушубуз керек.
Жыйынтыктоо
Мугалим: - Ошону менен бирге окуучулардын сиздер үчүн даярдаган ыр, бийлерине көңүл буруп коюңуздар (Окуучулар ырдап, бийлеп беришет).